***Баткен облустук  статистика башкармалыгы***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-октябрь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

***Баткен-2022***

*Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2022-жылдын январь-октябрь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2022-жылдын 14-ноябры

***Шарттуу белгилер:***

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

***М А З М У Н У***


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор………………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор………………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы………………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***V*** | ***Мамлекеттик сектор….………………………………………………*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………………………. | 12 |
| ***VI*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………...*** | 13 |
| | Калктын оорулары......................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар............................................................................... | 13 |
| | ***Тиркеме………………………………………………………………….*** | ***15*** |

## *ОБЛУСТУН 2022- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ОКТЯБРЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ*

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2022-жылдын январь-октябрь айында 3608341,7 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 109,1 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2022-жылдын январь-октябрь айларында 21008,9 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 103,7 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 1954793,4 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 64,3 пайызды түздү.

2022-жылдын январь-октябрь айында турак жай курулушунда жалпы аянты 54370,0 чарчы метр болгон 496 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-октябрь айынын деңгээлине салыштырмалуу 115,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 767974,0 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 1028,5 миң тонна жүк ташылып, 2021-жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 100,4 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 146524,7 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 104,1 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-октябрь айында 19041324,1 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-октябрь айынын денгээлинен 2,2 пайызга өскөн.

2022-жылдын январь-октябрь айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 16326534,3 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2021-жылдын январь-октябрь айынын деңгээлинен 7,7 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-октябрь айында 2714789,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,5 пайызга өскөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-октябрь айын өткөн жылдын январь-октябрь айына салыштырганда 112,5 пайызды, ал эми ушул жылдын октябрь айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 113,8 пайызды түздү.

Облус боюнча 2022-жылдын сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 24180,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,7 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 19781,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 37,6 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-октябрь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, эпидемиялык паротит, эхинококоз, котур, инфекциялык ВИЧ, жаныбарлардын тиштеп алуусу жана респиративдүү оорулардын өскөндүгү байкалат. Ал эми, ичегинин өткүр инфекциясы, вирустуу гепатит В түрү, аскаридоз, бруцеллез, педикулез жана гонорея ооруларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

| | 2022 ж. январь-октябрь айларында | 2022ж октябрь айы 2021ж октябрь айына карата пайыз менен | 2022-жылдын январь-октябрь айлары 2021-жылдын январь-октябрь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 3608341,7 | 104,9 | 109,1 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 21008,9 | 87,4 | 103,7 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 1954793,4 | 144,4 | 64,3 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 54370,0 | 94,3 | 115,6 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 1028,5 | 97,3 | 100,4 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 146524,7 | 97,8 | 104,1 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 19041324,1 | 123,8 | 102,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 16326534,3 | 123,6 | 107,7 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 2714789,8 | 135,9 | 111,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 19781,0 [1)] | 120,7[2)] | 137,6[3)] |

***[1)] 2022ж. январь-сентябрь***
***[2)] 2022ж. сентябрь***
***[3)] 2022ж. январь-сентябрь***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2022-жылдын январь-октябрь айында 3608341,7 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 109,1 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1435965,2 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 39,8 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 1430975,1 миң сомду же 39,7 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 607070,8 миң сомду же 16,8 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 134330,6 миң сомду же 3,7 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-октябрь айында 1430975,1 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 128,0 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айында 633367,1 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-октябрь айына салыштырмалуу 131,9 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 142674,0 тоннага, Лейлек району 7378,0 тоннага, Сүлүктү шаары 5616,4 тоннага көп, ал эми Баткен району 2592,0 тоннага аз казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1435965,2 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 104,3 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 659686,9 миң сомду (көлөмдүн 45,9 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 188320,4 миң сомду (көлөмдүн 13,1 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 28804,2 миң сомду (көлөмдүн 2,0 пайызын), химия өндүрүшү 54420,7 миң сомду (көлөмдүн 3,8 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 343776,7 миң сомду (көлөмдүн 23,9 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 100247,5 миң сомду (6,9 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 237328,5 миң сомду (16,5 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айында өткөн жылдын январь-октябрь айына салыштырмалуу 105,7 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 10,7 пайызга, жаңы бышкан нан 2,9 пайызга, таш көмүр өндүрүү 31,9 пайызга, тазартылган күрүч 5,9 пайызга, эт азыктары 0,1 пайызга, кондитердик азыктар 2,9 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 3,7 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 10,7 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 7,9 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 2,4 пайызга, бут кийим 10,5 пайызга, эркектердин тигилүү кийими 2,1 эсеге, бышырылган керамика кирпичи 18,4 пайызга өскөн. Ал эми сымап өндүрү 41,3 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 22,9 пайызга, иштетилбеген мунайзат 5,8 пайызга, иштетилген сүт азыктары 21,7 пайызга, бышырылбаган керамика кирпичи 33,3 пайызга аз өндүрүлдү.

*2022-жылдын январь-октябрь айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 188320,4 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-октябрь айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 17,4 пайызга өскөн. Ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 54420,7 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 58,7 пайызга төмөндөгөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-октябрь айында 100247,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-октябрь айына салыштырганда 105,3 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-октябрь* айында 607070,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 103,7 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 134330,6 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 85,4 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын
үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2022-жылдын январь-октябрь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 21008,9 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 103,7 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында 23639,1 тонна эт, 89884,6 тонна сүт, 19444,7 миң даана жумуртка, 675,2 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,2, сүт өндүрүү 1,0 пайызга жогорулаган. Ал эми жумуртка өндүрүү 0,9 пайызга, жүн өндүрүү 2,0 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Лейлек районунда 0,2, Баткен шаарында 1,8, Кызыл-Кыя шаарында 4,3, Сүлүктү шаарында 0,2 пайызга өсүү болгон. Баткен районунда 0,2 пайызга азайган. Ал эми Кадамжай районунда өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,0, Кадамжай районунда 1,8, Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,3, Кызыл-Кыя шаарында 4,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Сүлүктү шаарында 1,9 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы, Кадамжай району 0,1, Лейлек району 0,2, Баткен шаары 1,2, Кызыл-Кыя шаары 3,2, Сүлүктү шаары 0,3 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен району 6,4 пайызга аз өндүргөн. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,9 пайызга, Лейлек районунда 0,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,5, Сүлүктү шаарында 3,3 пайызга көп өндүрүлгөн. Ал эми Баткен районунда 11,7 пайызга жана Баткен шаарында 16,3 пайызга аз өндүрүлгөн.

Облус боюнча 2022-жылдын 1-ноябрна карата 113264,8 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 121,6 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен району 109,0 пайызга, Кадамжай району 102,5 пайызга, Лейлек району 168,4 пайызга, Баткен шаары 101,9 пайызга жана Кызыл-Кыя шаары 117,6 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 32041,5 тонна же 151,5 пайызды, арпа 18607,1 тонна же 198,5 пайызды түзгөн. Картошка 36457,8 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 97,6 пайызды, жашылча 62581,7 тонна же 101,3 пайызды, мөмө-жемиш 54775,9 тонна же 105,3 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 86,3 пайызга, Кадамжай районунда 101,0 пайызга, Лейлек районунда 94,0 пайызга, Баткен шаарында 152,6 пайызга жана Кызыл-Кыя шаарында 98,7 пайызга жана Сүлүктү шаарында 100,7 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 92,0 пайызды, Кадамжай районунда 103,5 пайызды, Лейлек районунда 99,0 пайызды, Баткен шаарында 96,8 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 106,7 пайызды жана Сүлүктү шаарында 101,3 пайызды түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен

районунда 92,9 пайызды, Кадамжай районунда 101,4 пайызды, Лейлек районунда 168,2 пайызды, Баткен шаарында 110,8 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 100,1 пайызды жана Сүлүктү шаарында 100,5 пайызды түздү.

***Капиталдык салым.*** 2022-жылдын январь-октябрь айларында 1954793,4 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2021-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 64,3 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Сүлүктү шаарында 85,2 пайызга, Баткен районунда 21,3 пайызга өскөн. Ал эми Лейлек районунда 39,2 пайызга, Кадамжай районунда 39,0 пайызга, Баткен шаарында 38,0 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 65,6 пайызга төмөндөдү. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары, республикалык бюджет түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 94,0 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Турак жай.*** 2022-жылдын январь-октябрь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 54370,0 чарчы метр болгон 496 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 115,6 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 767974,0 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Транспорт жана байланыш.*** 2022-жылдын январь-октябрь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 1028,5 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 100,4 пайызды түздү.

2022-жылдын январь-октябрь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 6854,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 146524,7 миң жүргүнчү-км түздү (2021-жылдын январь – октябрь айларына салыштырмалуу 104,1 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2022-жылдын январь-октябрь айларында бардыгы жеке жактардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2022-жылдын январь-октябрь айында 19041324,1 миң сомду түзүп, 2021-жылдын январь-октябрь айына салыштырмалуу 2,2 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 18241010,9 миң сом болуп 0,7 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айында 15286330,9 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,9 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 8136924,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,2 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-октябрь айында 16326534,3 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,7 пайызга өскөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-октябрь айында 30946,6 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,9 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-октябрь айында 6290547,8 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 4,2 пайызга төмөндөгөн.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (76,7 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-октябрь айында 12526908,3 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 4,6 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айында 2714789,8 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 11,5 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы, (% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




**<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2022-жылдын 1-ноябрына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 16924 адамды түздү, анын ичинен 12957 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен бир адам жумушсуздук боюнча пособия алып, 192 адам профессионалдык окуудан өтүүдө, 405 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2022-жылдын 1-ноябрына карата 464 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 36,5 адам туура келди.

Облус боюнча 2022-жылдын сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 24380,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 20,7 пайызга өскөн. 2022-жылдын январь-сентябрь айында бир айлык орточо эмгек акы 19781,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 37,6 пайызга өскөн.

Эмгек акы сентябрь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мулк менен иш жүргүзүү, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, билим берүү жана саламаттыкты сактоо тармактары боюнча өскөндүгү, ал эми кайра иштетүү, курулуш, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу тармактары, административдик жана көмөкчү ишмердиги боюнча төмөндөгөнү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2022-жылдын сентябрь айында 289,5 долларды түздү.

2022-жылдын 1-ноябрына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 30979,5 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 9,6 пайызга кыскарган. Эмгек акыны төлөө карызынын 87,5 пайызын Кадамжай району, 12,5 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-октябрь айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 112,7 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 117,1 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 106,4 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2022- жылдын октябрь айында өткөн жылдын октябрь айына салыштырмалуу 98,9 пайызды түздү. Ал эми 2022-жылдын январь-октябрь айларында өткөн жылдын январь-октябрь айларына салыштырмалуу 99,7 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-октябрь айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 112,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын октябрь айын 2021-жылдын декабрь айына салыштырганда 113,8 пайызды түздү.

Ушул жылдын октябрь айында өткөн айга салыштырмалуу 1-сорттогу ун 4,4 пайызга, нан 3,8 пайызга, макорон азыктары 1,9 пайызга, жумуртка 10,3 пайызга кымбаттаган. Ал эми күн карама майы 0,7 пайызга төмөндөгөн. Уйдун эти, койдун эти, жогорку сорттогу ун өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 104,6 | 100,5 | 100,9 | 101,2 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,5 | 100,2 |
| Февраль | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 98,5 |
| Март | 103,7 | 102,7 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 108,1 |
| Апрель | 105,2 | 101,8 | 107,1 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 94,47 | 101,1 |
| Май | 102,3 | 101,4 | 102,8 | 103,3 | 100,0 | 100,0 | 102,8 | 97,5 | 97,4 |
| Июнь | 101,9 | 101,1 | 100,0 | 107,1 | 100,0 | 109,5 | 99,4 | 104,2 | 100,0 |
| Июль | 110,0 | 113,3 | 107,8 | 101,0 | 103,8 | 108,2 | 109,0 | 100,9 | 104,1 |
| Август | 121,6 | 118,4 | 130,0 | 118,8 | 112,2 | 110,2 | 116,1 | 101,8 | 112,0 |
| Сентябрь | 98,8 | 100,4 | 100,9 | 106,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,3 | 95,8 |
| Октябрь | 100,0 | 104,4 | 103,8 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 110,3 | 99,3 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 2,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 8,7 пайызга, сабиз 1,5 пайызга, алма 6,5 пайызга, кургатылган өрүк 21,2 пайызга төмөндөгөн, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***
*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 100,0 | 102,6 | 105,9 | 121,5 | 98,0 | 100,0 |
| Февраль | 112,1 | 102,5 | 106,0 | 117,6 | 100,0 | 100,0 |
| Март | 102,3 | 93,7 | 104,4 | 102,5 | 100,0 | 103,3 |
| Апрель | 104,7 | 102,4 | 110,6 | 103,7 | 102,1 | 100,0 |
| Май | 109,2 | 99,4 | 109,0 | 110,2 | 123,1 | 100,0 |
| Июнь | 124,4 | 111,3 | 95,1 | 97,2 | 100,0 | 100,0 |
| Июль | 112,2 | 69,7 | 91,0 | 73,2 | 108,3 | 100,0 |
| Август | 162,4 | 101,9 | 77,8 | 112,5 | 188,6 | 95,2 |
| Сентябрь | 76,7 | 107,9 | 101,4 | 104,3 | 100,0 | 100,0 |
| Октябрь | 91,3 | 102,1 | 98,5 | 93,5 | 78,8 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын октябрь айын өткөн сентябрь айына салыштырмалуу кийимдер 0,5 пайызга, бут кийимдер 2,8 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,2 пайызга, катуу отун 27,5 пайызга, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника 3,1 пайызга, фармацевтикалык продукциялар 3,6 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 3,6 пайызга кымбаттаган. Күйүүчү-майлоочу материалдар 1,4 пайызга, бензин 1,3 пайызга төмөндөгөн. Ал эми калган товарлар оз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***
(пайыз менен)

| | 2022ж. октябрь 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-октябры 2021ж январь октябрына карата | 2022ж октябрь айын 2022ж сентябрына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 109,5 | 109,9 | 100,5 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 123,9 | 108,7 | 100,0 |
| Бут кийим | 110,4 | 116,1 | 102,8 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 108,5 | 113,3 | 100,2 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 105,0 | 110,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 123,3 | 95,9 | 127,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 107,2 | 131,7 | 98,6 |
| Бензин | 104,1 | 129,6 | 98,7 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 116,1 | 110,1 | 103,1 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 101,8 | 102,8 | 103,6 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 111,8 | 105,9 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 110,8 | 108,8 | 103,6 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын октябрь айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,4 пайызга, маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр 2,2 пайызга, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 5,4 пайызга өскөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2022ж. октябры 2021ж. декабрына карата | 2022ж январь-октябры 2021ж январь октябрына на карата | 2022ж октябры 2022ж сентябры на карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 120,6 | 125,7 | 100,4 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 115,5 | 110,9 | 102,2 |
| Билим берүү тейлөөсү | 101,3 | 100,3 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 116,8 | 110,7 | 105,4 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 100,0 | 109,8 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




***Мамлекеттик сектор***

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-сентябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 1132,9 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 130,0 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 1709,9 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 32,1 пайызга, ал эми чыгашалар 53,9 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2022-жылдын январь-сентябрь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2022-жылдын январь-сентябрь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 669,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 31,8 пайызга өскөн. Бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 7,1эсеге, киреше жана пайда салыгы 40,3 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 44,3 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 7,3 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 29,2 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 7,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 1,8 пайызга жана жер салыгы 10,9 пайызга азайган. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2021-жылдын январь-сентябрь айларында жалпы кирешенин 15,1 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2022-жылдын январь-сентябрь айларында 13,1 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздардан түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 71,7 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 27,8 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 36,1 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2022-жылдын январь-сентябрь айларында 526,1 млн. сомду түзүп, 2021-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 5,7 пайызга азайган. Чыгашалардын 10,4 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 68,2 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 0,8 пайызы билим берүү тармагына (4,1 млн. сом) жумшалган.

## Социалдык сектор

***<u>Калктын оорулары</u>***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2022-жылдын январь-октябрь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Ал эми бактериалуу минингит менен 1 оорулуу жана бактериялуу дизентерия менен 55 оорулуу катталды. Ичегинин өткүр инфекциясы менен 1585 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,8 пайызга төмөндөгөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 273 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,8 пайызга, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 260 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7,0 пайызга жана эпидемиялык паротит менен 25 оорулуу катталып 31,6 пайызга өскөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* бруцеллез оорусу менен 48 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 20,0 пайызга төмөндөгөн, жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 629 учур катталып 4,7 пайызга өскөн, аскаридоз менен 1027 учур катталып 4,0 пайызга төмөндөгөн, ал эми эхинококкоз оорусу менен 25 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,0 пайызга өскөн.

*Паразитардык оорулардан* ВИЧ инфекциясы менен 23 учур катталып өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 53,3 пайызга, котур ооруусу 107 учур катталып 35,4 пайызга өскөн. Ал эми гонорея менен 7 учур катталып 50,0 пайызга, педикулез менен 2 учур катталып 77,8 пайызг, сифилис ооруусу менен 3 учур катталып 40,0 пайызга төмөндөгөн,.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 13346 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 73,2 пайызга, кургак учук менен ооруган 201 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 5,6 пайызга төмөндөгөн.

***<u>Укук бузуулар.</u>*** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2022-жылдын январь-сентябрь айларында облус боюнча 1112 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,4 пайызга же 140 кылмышка өскөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 7, зэнбаштык 57, уурулук 249, алдамчылык 207, тоноочулук 17, бангизаттарга байланыштуу 55, кызматтык кылмыштар 53, экономика тармагында 47 кылмыш, 27 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2022-жылдын январь-сентябрь айларында 881 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 316 адамга төмөндөгөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-99, иштегендер 4, ишкерлер 8, мектеп окуучулары 34, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 18, эч жерде иштебеген жана окубагандар 517 түзөт.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 16 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................…………........... | 17 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү…….........................................………........... | 17 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………. | 18 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………. | 19 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………....... | 19 |
| 7 | Аймактар боюнча 2022-жылдын 1-ноябрына карата эгилген эгиндердин түшүмүн жыйноонун жүрүшү жөнүндө маалымат..................................................................................................................................... | 20 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 21 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү………………………….………….. | 21 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы……………………………………… | 23 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 23 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча…………………………………………………. | 23 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши...........................................................………... | 24 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………… | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…...............………........ | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү………….……………………………………… | 26 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү……………………………………. | 26 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 27 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 27 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)....................................................................................................................... | 28 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 28 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча)………………………………………………………………………. | 28 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 29 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)…………………….. | 29 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 30 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары сентябрь........... | 31 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-сентябрь | 31 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 32 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны.......................................................................................... | 32 |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 33 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 34 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны……………………………………………… | 35 |
| 37 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 36 |
| 38 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………. | 36 |
| 39 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………………………. | 36 |

# *Реалдык сектор*

Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-октябрь

( миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***2963773,8*** | ***3608341,7*** | ***109,1*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***974835,9*** | ***1430975,1*** | ***128,0*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 716585,7 | 1011513,6 | 131,9 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 249158,1 | 402096,8 | 94,2 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 9092,1 | 17364,7 | 141,4 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***1201432,4*** | ***1435965,2*** | ***104,3*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 563980,6 | 659686,9 | 105,7 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 563197,2 | 658386,0 | 103,1 |
| -тамеки өндүрүү | 783,4 | 1300,9 | 166,0 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 119348,0 | 188320,4 | 117,4 |
| -текстил өндүрүшү | 86070,7 | 138272,4 | 108,3 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 32901,4 | 49633,1 | 178,1 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 375,9 | 414,9 | 110,5 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 26652,0 | 28804,2 | 100,0 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 25982,6 | 28076,4 | 99,9 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 669,4 | 727,8 | 108,3 |
| 4. Химия өндүрүшү | 36897,9 | 54420,7 | 58,7 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 304457,8 | 343776,7 | 100,1 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 80315,5 | 100247,5 | 105,3 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 213042,1 | 237328,5 | 105,2 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***579983,2*** | ***607070,8*** | ***103,7*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***207522,3*** | ***134330,6*** | ***85,4*** |

Таблица 2. ***Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-октябрь*** (миң сом)

| | 2021 | 2022 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***29637773,8*** | ***3608341,7*** | ***104,9*** | ***109,1*** |
| Электр энергиясыз | 2383790,6 | 3001270,9 | 106,4 | 110,2 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 176214,8 | 208529,5 | 98,8 | 99,8 |
| Кадамжай | 737993,5 | 1080821,6 | 125,8 | 126,4 |
| Лейлек | 414172,1 | 615407,6 | 94,3 | 102,2 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 676984,8 | 724427,8 | 95,8 | 104,4 |
| Электр энергиясыз | 97001,6 | 117357,0 | 101,6 | 105,6 |
| Кызыл-Кыя | 482141,1 | 491957,8 | 65,8 | 91,1 |
| Сүлүктү | 476267,5 | 487197,4 | 98,4 | 101,7 |

Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү

| | Өлчөө бирдиги | 2021 | 2022 | 2022ж. январь-октябрь айы 2021ж. январь-октябрь айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-октябрь | | |
| Таш көмүр | тонна | 480290,7 | 633367,1 | 131,9 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 10083,9 | 11943,4 | 118,4 |
| Бут кийим | жуп | 940 | 1039 | 110,5 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 783,9 | 784,6 | 100,1 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 749,2 | 500,0 | 66,7 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 3689,1 | 3778,1 | 102,4 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 91,5 | 98,7 | 107,9 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 7685,2 | 7904,3 | 102,9 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 83062,8 | 91975,8 | 110,7 |
| Сурьма металы кошулма | % | - | - | - |
| Сымап | % | - | - | 58,7 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 4530,2 | 5015,7 | 110,7 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 864,4 | 915,2 | 105,9 |
| Кондитер азыктары | тонна | 432,4 | 445,1 | 102,9 |
| Килемдер | даана | - | - | - |
| Жашылча жемиштин шербети | миң литр | - | - | - |
| Балмуздак | тонна | 91,9 | 91,7 | 99,8 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 261046 | 549110 | 2,1эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 461446 | 355997 | 77,1 |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 10,3 | 9,7 | 94,2 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 260271,5 | 269858,8 | 103,7 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 40,0 | 31,3 | 78,3 |

Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү
2022-жылдын январь-октябры

| | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 | 2021 | 2022 | 2022 % менен 2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***480290,7*** | ***633367,1*** | ***131,9*** | ***10083,9*** | ***11943,4*** | ***118,4*** | ***783,9*** | ***784,6*** | ***100,1*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 10807,0 | 8215,0 | 76,0 | 2147,0 | 1280,0 | 59,6 | 55,4 | 55,6 | 100,4 |
| Кадамжай | 250392,0 | 393066,0 | 157,0 | 7432,3 | 10298,9 | 138,6 | 287,0 | 355,7 | 123,9 |
| Лейлек | 319,0 | 7697,0 | 24,1эсе | 155,8 | 275,0 | 176,5 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 113,0 | 119,5 | 105,8 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 328,5 | 253,8 | 77,3 |
| Сүлүктү | 218772,7 | 224389,1 | 102,6 | 348,8 | 89,5 | 25,7 | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***7685,2*** | ***7904,3*** | ***102,9*** | ***3689,1*** | ***3778,1*** | ***102,4*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 508,0 | 527,0 | 103,7 | 2215,2 | 2263,8 | 102,2 |
| Кадамжай | 3051,9 | 3096,6 | 101,5 | 1089,5 | 1134,0 | 104,1 |
| Лейлек | 658,6 | 703,7 | 106,8 | 384,4 | 380,3 | 98,9 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 637,0 | 656,0 | 103,0 | - | - | - |
